КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**29-август 2024-жыл № 4** **Совет айылы**

**Муниципалдык менчикти ижарага берүү жөнүндө.**

Мунипалдык менчикти сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында "Муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине,. 29.08.2023-жылдагы Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VIII-сессиясынын № 3 токтому менен бекитилген "Муниципалдык менчик объектилерини пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө" жобого негиз Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз VIII-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. "CASA-1000 жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбоору үчүн кошумча каржылоо" долбоорунун милдеттерин аткаруунун алкагында, Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Турдукулов Эркинбек Нурдинович ушул токтомго ылайык муниципалдык мүлктү Бизнес-өнөктөш Сагынов Маматамин Паязовичке (паспорт № ID 0720895) тандалып алынган экономикалык ири долбоорун ишке ашыруу үчүн ижарага берсин.

2. Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н.Турдукулов белгиленген тартипте муниципалдык менчикти ижарага берүү жөнүндө келишим түзсүн жана мүлктү кабыл алуу актынын негизинде өткөрүп берсин.

3. Бизнес-өнөктөш Сагынов Маматамин Паязович:
- өткөрүп берүү-кабыл алуу актыда көрсөтүлгөндөрдү белгиленген тартипте ижарага кабыл алсын;
- ижарага алынган мүлктүн максаттуу пайдаланышын камсыз кылсын;
- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы "Кадастр" мамлекеттик мекемесинде жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу "Унаа" мамлекеттик мекемесинде кабыл алуу-өткөрүп берүү актыда көрсөтүлгөн имаратты, курулманы жана кыймылдуу мүлктү ижарага алуу келишимин белгиленген тартиптет каттоодон өткөрсүн.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Б.Матишовко, А.Азимбаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Ш.Канполотов**